# Казалы Абиров атындагы орто мектебинин жалпы ата-энелер чогулушунун №1 токтому

16.11.2021 Кенеш айылы

Катышты 49

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Билим сапатын жогорулатууда ата-эненин ролу
2. Балдар арасында кылмыштуулукту болтурбоо, суицидди алдын алуу
3. Ысык тамакты уюштуруу

Угулду: Мектеп директору Турузбекова С.С 1-чейректе К.Абиров атындагы орто мектебинде 173 бала окуду. Билим сапаты 46 % түздү. Ар бир предметтер боюнча мониторинг жүрүп турат. Билим сапатынын төмөн болуусуна шарттын жоктугу да таасир этет. Мектеп бүтүү алдында. Окуу китептери толук жетпеген учурлар бар. Спонсорлорду издеп мектеп китепканасын толуктоого аракет кылуудабыз. Ата-энелер да жетпеген китептерди өздөрү алып берүүдө. Билим сапатын көтөрүүдө ата-энелердин да салымы зор. Үй тапшырмасын аткарууда жардам берсеңиздер. 2020-2021-окуу жылында биздин мектепте ийгиликтер да болду. Манас таануу конкурсунда мектептин «Асылзат» командасы республикалык турда 1-орунду камсыз кылды. Окуучулардын Бишкекте 10күн жашоосуна, квартирасына биздин бүтүп кеткен окуучулар спонсорлук кылып, 10000 с ом төлөп беришти.

ОББ башчысы: Осмонов С. Окуучулардын билим сапаты, жетишкендиктер, көйгөйлөр тууралуу маалымат берүү менен, ата-энелерди мектеп менен тыгыз байланышта болуусун чакырып өттү. Балдарды окууга кызыктыруу үчүн кандай ыкмаларды колдонуу керектиги тууралуу талкуу жүрдү.

2-маселе тууралуу милиция кызматкери Бошкоев. У маалымат берди. Облус ичинде, өрөөндө болуп жаткан өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулук, суициддер тууралуу маалымат берүү менен кылмыштуулукту болтурбоого карата кандай аракеттерди көрүү керектиги тууралуу ой бөлүштү. ИДН кызматкери Такешова. А жашы жете элек кыздар турмушка чыккан учурлар болуп жатканын, кыздар менен апалар жакын болуп, кыздарды окуганга үндөө керектигин айтып өттү. 5-май 2021-жылы кабыл алынган 60-мыйзам тууралуу маалымат берилди. Балдарды зордук-зомбулуктан коргоо үчүн коомчулуктан коргоо тобу түзүлө турганын айтып өттү. Ата-энелерди балдарды көзөмөлдөөнү күчөтүү керектигин милдеттендирди. Рейддер жүргүзүлө тургандыгын, рейдде кармалган балдарга чара көрүлө тургандыгы айтылды

3-мсаселе тууралуу организатор Өмүрова В окуучулар мектепке таза кийинип, сабактан себепсиз калтырбоо, сабактарына жардам берүү жагын айтуу менен , мектепте берилип жаткан ысык тамак тууралуу маалымат берди.Балдарга ысык тамак берүү МЕРСИКО уюму тарабынан уюштурулган. Былтыркы жылы 70 окуучу тамак ичти.Ысык тамакты берүүнү коомчулукка көрсөтүү үчүн «Ачык эшиктер» күнү өттү. Туура тамактануу темасында доклад окулду, талкуу жүрдү. Азыркы учурда ата-энкелер 100 сомдон чогултуп, керектүү байытылган ун, жашылча жемиштер алынып жатканы айтылды.

Жогорудагыларды белгилеп, күн тартибиндеги маселелер боюнча ата-энелер чогулушу ТОКТОМ кылат:

1. Билим сапатын жогорулатууда ата-энелердин милдети күчөтүлсүн. Жетишпеген окуучулардын ата-энесин сабакка катыштыруу графиги түзүлүп, ата-энелерди сабакка катыштыруу жагы класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
2. Кылмыштуулукту алдын алуу, зордук-зомбулукту болтурбоо боюнча ИДН кызматкери, класс жетекчилер, ата-энелер менен бирдикте семинарлар өтүлсүн. Окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, кечки рейддер уюштурулсун.
3. Дүкөндкрдө 18жашка чейинки балдарга тамеки, арак сатууга тыюу салынсын. Балдардын социалдык абалын көрүү үчүн үйлөрдү кароо жагы каралсын
4. Балдарга сапаттуу ысык тамак берүүнү көзөмөлдөө организатор Өмүрова Венерага милдеттендирилсин, ата-энелердин ысык тамакка взносту чогултуу, керектүү азык-түлүктү алып берүү ата-энелер комитетине жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам

Мектеп директору: Турузбекова. С

Катчы: Жунусова.А